
# Ноутбук чоң энеге эмне үчүн керек?




Автор: Аида Молдалиева

Сүрөтчү: Дастан Сулайманов

Которгон: Талгат Деркембаев

# Ноутбук чоң энеге эмне үчүн керек?

Автор: Аида Молдалиева
Сүрөтчү: Дастан Сулайманов
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ноутбук чоң энеге эмне үчүн керек?" (кыргыз тилинде), автор Аида Молдалиева, сүрөтчү Дастан Сулайманов, которгон Талгат Деркембаев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Үй ичи демейдегиден тынч боло түштү. Бардык техника өчүп калды. Кийим тиккен машина, муздаткыч, радио да өчтү.

Чоң эне электр энергиясына акча төлөбөй калганын эстеди.

– Айбек, жарыкка акча төлөп келе кал. Анан Жарык байкеңе айтып, тезирээк жарыкты күйгүзүп коюусун суран, – деди чоң эне.

Айбек электриктин үйүнө барды. Короодо Асыл апа менен баласы Жаныбек отурушуптур.


Кесибине байланыштуу, Жаныбек байкени айылдаштары Жарык деп атап коюшкан.

– Чоң энем жарыкты тезирээк күйгүзүп коюуну суранды. Биз акчасын төлөп койдук, – деди бала учурашып.

– Кел, нан ооз тий, – деди Жаныбек байке.

– Кубат, нан алып чыкчы! – деди ал үйдүн кире беришине бурулуп.





Үйдөн килейген мискей чыкты. Айбек анын босогодон өтүп, тепкич менен ылдый түшкөнүн көрдү.

Мискей жакын келгенде Жаныбек байке капкагын ачып, нан, май алып чыкты.

Айбек мискейдин алдындагы платформада төрт дөңгөлөк бар экенин байкады.

– Эгер шашпасаң, чай ич. Кубат чайдан куйчу! – деди Асыл апа жылмайып.

Мискей кайра үйдү көздөй жүрүп кетти. Тепкич менен кайра жогору көтөрүлө баштады. Алгач алдыңкы оң дөңгөлөгү, андан соң сол дөңгелөгү көтөрүлдү. Андан кийин арткы дөңгөлөктөрү чыкты. Ошентип кайра босогодон өттү.

Шар-дөңгөлөктөр өйдө көтөрүлүп таканчыктаганда, кол сыяктуу кезектешип жылат экен.

– Кубат, чыгып конок менен учурашпайсыңбы, – деди Жаныбек байке баласын чакырып. Болбосо, конок үйдө джиндер бар экен деп ойлошу мүмкүн.

Үйдөн Жаныбек байкенин баласы чыкты. Ал Айбектен он жаш улуу. Кубат борбордогу университетте окуйт.

Балдар көлөкөгө отурушту:

– Бул робот. Мен смартфондон ага оңго, солго, алдыга, артка деп буйрук берип турам, – деди Кубат Айбекке смартфонун көрсөтүп.

Мындай роботторду Кытайда студенттик шаарчаларга пицца же кафелерде тамак ташыганга официант катары колдонушат. Мен өзүмдүн моделим үчүн радиобашкаруучу оюнчук машинканын дөңгөлөгүн илгичи менен чыгарып алгам.

Мен эми айыл шартында роботту кантип колдонуу керек экенин ойлонуп жатам.

Аны дүкөнгө жиберсек кандай болот? Сен эмне дейсиң?

– Жарык байкенин үйүнөн мага робот чай ташыды. Эми Кубат байке аны дүкөнгө жибергенди үйрөтөт экен, – деди Айбек досторуна мактанып.

– Ал чоң бекен? – деп сурады Лейла.

– Чоң мискейдей экен, – деп алаканын эки жакка жайды.

Достор ишенген жок.





Кийинки күнү Айбек Кубатты короосунан тапты. Ал мискейдин ордуна, чоң энесинин куржунун бекитип коюптур.

– Ичине азыктардын тизмесин салып койсо, сатуучу ичинде эмне бар экенин түшүнөбү? Сен кандай деп ойлойсуң? Же ээси жок куржунду сыртка кубалап чыгабы? – деп шаардык студент Айбек менен кеңешип отурду.

Кубат куржунга 1 бөлкө нан, 1 килограмм шекер деп жазып, жанына дарегин тиркеп койду.

– Куржун-машинени башкарып көрөсүңбү? – деп Кубат ноутбугуна бир нерселерди жазып баштады.

Айбек смартфондон куржун-машиненин чыгып баратканын карап турду.

Башында баары эле жакшы болуп жаткан. Жолдон таш, үйүлгөн кум, аң-дөң кезигип жатты. Бир маалда эле, куржунга таштар учуп келе баштады. Экран өчүп калды.

Айбек Кубатка эч нерсе айтпастан көчөгө чуркап чыкты.

– Робот үч көчөдөн жакшы эле өткөн. Мончо турган жерге токтоп калып эле өчтү, – деп ойлонду.

Ал аны жол жээгинен, бадал арасынан, арыктан издеди. Куржун жок.

Ал үйгө келип, куржун-роботту жоготуп жибергенин мойнуна алды.

– Мен таппай келдим, – деди Айбек.

– Сарсанаа болбо. Анан издеп көрөм. Же болбосо сейфтен жаңысын жасайбыз, – деди Кубат эч капарсыз, эч нерсе болбогондой, ноутбугунда жазганын улантып.

Айбекке достору келишти.

– Биз жөн эле көрөлү дегенбиз. Болот болсо “секундасына 50 сантиметр жүргөн куржунга кимибиздин ташыбыз тиет?” деп бизди шыкактады. Алтынай арыздана сүйлөдү.

– Ташты мен эле ыргыткан жокмун. Нургүл деле 100 метрден бутага тийгизе алам дебеди беле, – деп ачууланды Болот.


– Мен кичинекей таштарды ыргыткам. Сен болсо чоң таш менен уруп жибербедиңби! – деп Нургүл да актанып кирди.


– Чоң таш куржун-роботко тийгенде, ал капталынан жыгылып калды. Биз аны кайра дөңгөлөгүнө тургузуп койдук. Робот андан ары кетти.

– Биз анын артынан дүкөнгө чейин ээрчип бардык.

– Робот айылдын башка жагына кетип калды. Биз аны Жарык байкенин дарбазасынын алдына көтөрүп барып коюп койдук.

– Куржундан нанды иттер жеп кетпесин деп көз салып турдук.





Айбек барып, куржун-роботко иттерден коргонуу үчүн бир айла керек  экенин айтууну сунуштады.

– Балким, Кубат байке роботту сейфтен жасап коёт?

Болот көчөдө ичине нан менен шекер салынган сейф келе жатканын элестетти.

Иттер үрүп, кетип бараткан сейфти тиштегенин, бир канча айдан кийин айылдагы эң ажаан иттердин тишсиз калганы көз алдынан өттү.

Кубат кичинекей кароолчуларды укту. Балдар роботтун айылдагы биринчи тапшырмасын талкуулап жатышты.

– Балким, чоңураак дөңгөлөктөр керек. Балким, сирена керек болуп жүрбөсүн? Бардыгы көрүнгөндөй, төрт жагына төрт камера орнотуп койсо кандай болот?

– Эмнеге экран өчүп калды? Мен телефондун эч нерсесин баспасам деле, ал дүкөнгө кантип кирди? – деди Айбек.

– Таш камерасын талкалап кеткендиктен, эч нерсе көрүнбөй калды. Эгерде адам бир канча мүнөттүн ичинде буйрук бербесе, автопилот режими жанат.


Демек, бул эсине жазылып калган аракеттерин өзү аткара берет. Мен ары-бери барып келүүчү гана эң жөнөкөй программаны жазып койгом. Заряды өчпөсө, антеннанын сигналы менен аны оңой эле табууга болот.

Кубат байкени Асыл апа чакырып калбаганда, дагы далайды айтып бермек.

Балдар жолдон роботту дагы кайда жиберсе болорун ойлоп баратышты.

Болот роботтун тоодон чөп , курулуш үчүн кум, таш ташып келгенин элестетти. Ошондо атасындай тракториcттин эмес, Кубат байкедей болуп программисттин окуусун окуса болот.







– Биз Асыл экөөбүз дасторкон тандап жатканбыз. Алгач чоң эле куржунду көргөндөй болуп, көзүмдүн көрүүсү начарлап калган экен деп ойлопмун.

Бир маалда куржун дүкөнчүнүн алдына келди. Дүкөнчү куржундагы жазууну окуп көрдү.

Асыл небереси роботтор жөнүндө курстук ишке тажрыйба жасап жатканын айтты.

Ушундан кийин дүкөнчү азыктарды куржунга салып койду. Куржун-робот өзү эле жылып кетип калды.

– Дүкөндөн Асыл экөөбүз чай ичкени кеттик, – деп, кечинде Айбектин чоң энеси болгон окуяны айтып берди.

– Сен Кубаттан дөңгөлөккө кантип куржунду орнотконун үйрөн. Базарга өрүк, чарбактан кампага картошка ташыгандай болсун.

Кубат мени да ноутбук менен иштегенди үйрөттү. Куржунду эки жакка буруу үчүн төрт эле кнопканы басканды билүү керек экен. Атаңа айтып, бир ноутбук алдырып алайын. Куржундун кайда баратканын карап турайын, – деди чоң энеси.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Аида Молдалиева
Сүрөтчү: Дастан Сулайманов
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**